**УДК 37.013.73** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.470**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ОН ЭКИ ЖЫЛДЫК БИЛИМ СИСТЕМАСЫН КИРГИЗҮҮ: ТЕОРИЯ ЖАНА ПРАКТИКА**

Сияев Таштанбек Монолдорович
Orcid:0009-0000-0504-2734
профессор, педагогика илимдеринин доктору,
Агартуу министрлигин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлеринин квалификациясынын жогорулатуу жана кайра даярлоо институтунун STEM багытындагы кафедранын профессору,
Бишкек, Кыргыз Республикасы
e-mail ripksiya@gmail.com
Базаркулов Талантбек Асанкуловович
Orcid: 0009-0000-8614-044X
илимий кызматкер,
Кыргыз билим берүү академиясы,
Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы,
e-mail bazarkulov197290@gmail.com
Укеева Жаркын Сабырбековна
Orcid: 0009-0001-2360-7281
генералдык директордун орун басары,
Агартуу министрлигин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлеринин квалификациясынын жогорулатуу жана кайра даярлоо институту
Бишкек шаары, Кыргыз Республикас
e-mail: ukeevaz@gmail.com

**ВНЕДРЕНИЕ ДВЕНАДЦАТИЛЕТНЕЙ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ: ТЕОРИЯ И ПРАКТИКА**

Сияев Таштанбек Монолдорович
Orcid: 0009-0000-0504-2734
профессор, доктор педагогических наук,
профессор кафедры STEM-направления
Республиканского института повышения квалификации и переподготовки педагогических кадров при Министерстве просвещения,
Бишкек, Кыргызская Республика
e-mail: riprsiya@gmail.com
Базаркулов Талантбек Асанкулович
Orcid: 0009-0000-8614-044X
научный сотрудник,
Кыргызская академия образования,
г. Бишкек, Кыргызская Республика
e-mail: bazarkulov197290@gmail.com
Укеева Жаркын Сабырбековна
Orcid: 0009-0001-2360-7281
заместитель генерального директора,
Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических кадров при Министерстве просвещения,
г. Бишкек, Кыргызская Республика
e-mail: ukeevaz@gmail.com

# IMPLEMENTATION OF THE TWELVE-YEAR EDUCATION SYSTEM IN THE KYRGYZ REPUBLIC: THEORY AND PRACTICE

Tashthanbek Monoldorovich Siyaev
Orcid: 0009-0000-0504-2734
Professor, Doctor of Pedagogical Sciences,
Professor of the STEM Department
Republican Institute for Advanced Training
and Retraining of Pedagogical Staff
under the Ministry of Education,
Bishkek, Kyrgyz Republic
e-mail: riprsiya@gmail.com
Taalantbek Asankulovich Bazarkulov
Orcid: 0009-0000-8614-044X
Researcher,
Kyrgyz Academy of Education,
Bishkek, Kyrgyz Republic
e-mail: bazarkulov197290@gmail.com
Zharkyn Sabyrbekovna Ukeeva
Orcid: 0009-0001-2360-7281
Deputy General Director,
Republican Institute for Advanced Training
and Retraining of Pedagogical Staff
under the Ministry of Education,
Bishkek, Kyrgyz Republic
e-mail: ukeevaz@gmail.com

**Аннотация**: Бул эмгекте Кыргыз Республикасынын он бир жылдык окуу системасынан он эки жылдык окуу системасына өтүүнүн теориялык жана практикалык аспектилери изилденди. Алгач, он эки жылдык мектептик билим берүүнүн укуктук-ченемдик документтеринин негизги көрсөткүчтөрү анализденди. Классикалык педагогиканын эң негизги белгилелери жана көрсөткүчтөрү аныкталды: а) сабактын максаттуулугу; б) сабактын мазмуну; в) сабактын методикалык уюштурулушу; г) аралаш сабактын түзүмү; д) сабактын убакыттык регламенти; е)сабактагы тартип жана дисциплина; и) сабактын натыйжалуулугу. XX кылымдан башталган мектептик билим берүү системасы “кризиси” ар тараптан анализденди. XIX кылымдын аягында педагогика илиминде болгон жаңы идеялар жана жаңы концепциялар анализденди. Щвейцариялык окумуштуу Жан Пиаженин контруктивизмдик педагогикасынын негиздери каралды. Эмгекте классикалык жана конструктивизмдик педагогикалык конценциялар салыштырылды жана аны менен бирге классикалык стандардарттык сабактын үлгүсү менен жаңы технологиянын 5Е үлгүсү салыштырылды.

**Ачкыч сөздөр**: билим системалары, классикалык педагогика, конструктивизмге негизделген педагогика, билимдин негиздери, билим стандарты, окуу технологиялары, сабак, сабактын үлгүлөрү, окуунун натыйжалары.

**Аннотация:** В данной работе исследованы теоретические и практические аспекты перехода Кыргызской Республики с одиннадцатилетней системы обучения на двенадцатилетнюю. Вначале проанализированы основные показатели нормативно-правовых документов по двенадцатилетнему школьному образованию. Выделены основные признаки и характеристики классической педагогики: а) целевая направленность урока; б) содержание урока; в) методическая организация урока; г) структура комбинированного урока; д) регламент времени урока; е) порядок и дисциплина на уроке; ж) результативность урока. Проанализирован «кризис» школьной системы образования, начавшийся с XX века. Изучены новые идеи и концепции, появившиеся в педагогической науке в конце XIX века. Рассмотрены основы конструктивистской педагогики швейцарского ученого Жана Пиаже. В работе проведено

сравнение классических и конструктивистских педагогических концепций, а также сравнительный анализ классической стандартной модели урока и новой технологии в формате 5Е.
**Ключевые слова**: системы образования, классическая педагогика, педагогика, основанная на конструктивизме, основы знаний, образовательный стандарт, образовательные технологии, урок, модели уроков, результаты обучения.
**Abstract:** This study explores the theoretical and practical aspects of the transition of the Kyrgyz Republic from an eleven-year to a twelve-year education system. First, the key indicators of legal and regulatory documents related to twelve-year school education are analyzed. The main features and characteristics of classical pedagogy are identified: a) goal orientation of the lesson; b) lesson content; c) methodological organization of the lesson; d) structure of a combined lesson; e) time regulation of the lesson; f) order and discipline in the classroom; g) lesson effectiveness. The "crisis" in the school education system that began in the 20th century is analyzed. New ideas and concepts that emerged in pedagogical science at the end of the 19th century are examined. The foundations of constructivist pedagogy developed by Swiss scholar Jean Piaget are considered. The study compares classical and constructivist pedagogical concepts and presents a comparative analysis of the classical standard lesson model and the new 5E instructional model.
**Keywords**: education systems, classical pedagogy, constructivist-based pedagogy, foundations of knowledge, educational standards, teaching technologies, lesson, lesson models, learning outcomes.

**Киришүү**. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18- декабрында жарялынган № 39 Жарлыгында таалим-тарбия, илим, билим жана маданият тармагында: “...билим берүүгө болгон даярдык менен билим алууга болгон даярдыкты бири-бирине дал келтирүү боюнча чаралардын иштелип чыгышы жана ырааттуу ишке ашырылышы” зарылчылыгы так жана даана көрсөтүлгөн [1]. Биздин мамлекет 2024 – жылдан тартып билим чөйрөсүнүн негизги фундаментти болгон мектепти он бир жылдык системаны он эки жылдык системага аныкталган этаптар менен киргизе баштады. Алгач, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети “Кыргыз Республикасынын он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясын бекитүү жөнүндө” № 654 Токтомун 2024-жылдын 30-октябрында кабыл алган [2]. Кыргыз Республикасында 2025- жылы жалпы мектептик билим берүү системасын он жылдыкка өткөрүүгө зарыл болгон бардык укуктук-ченемдик документтер кабыл алынды: а) жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты; б) Кыргыз Республикасында жалпы билим берүү уюмдарында 2025-2026 – окуу жылында 12 жылдык билим берүүгө этап-этабы менен өтүүчү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу планы; в) ар бир билим берүү уюмдар үчүн предметтик стандартар расмий түрдө бекитилди.

Кыргыз Республикасында мектептик билим берүүнүн укук-тук-ченемдик документтердин кабыл алынышы 12 жылдык билим берүүнүн уюштуруу механизмдерин аныкталышы менен бирге жалпы системанын теориялык жана практикалык аспектилерин методологиялык негизде изилдөөнү актуалдаштырат.

**Изилдөөнүн методологиясы жана изилдөө методдору**. Билим берүү системасындагы өзгөрүүлөр жана модернизациялоолор сөзсүз түрдө жаңы сунушталып жактан системаны ар тараптан анализдөө, системанын курамдык бөлүктөрүнүн бири-бири менен байланыштарын аныктоо, өзгөрүүлөрдүн күтүлгөн натыйжаларын жана ошондой эле практикалык сунуштарды даярдоону талап кылат. Изилдөөнүн методологиясы катары кампаративдик салыштыруу кабыл алынды. **Компаративдик анализ** — бул эки же андан көп объекттерди (процесс, система, ыкма, теория ж.б.) салыштырып, алардын жалпылыгын, айырмачылыгын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илимий метод. Тактап айтканда, компаративдик анализ — бул салыштырылып жаткан объекттердин (мисалы, билим берүү технологияларынын) түзүмүн, мазмунун, методдорун жана натыйжалуулугун иликтеп, алардын окшош жана айырмалуу жактарын илимий негизде таанып-билүүгө багытталган салыштырма изилдөө ыкмасы. Изилдөө: а) окутуу технологияларын салыштыруу

(классикалык жана конструктивдик); б) окуу технологиясын көрсөткүчтөрүн салыштыруу жана в) окуу процессинин уюштуруу формалар, башкача айтканда сабактын үлгүлөрүн салыштыруу орун алды.

Изилдөөнүн илимий методдору **илимий эмгектердин анализи, байкоо жана сапаттык талдоо методдору** колдонулду. **Илимий адабиятты (эмгектерди) анализдөө** — бул да сапаттык изилдөө методунун бир түрү болуп эсептелет: а) изилденип жаткан темага байланыштуу илимий макалаларды, отчетторду, изилдөөлөрдү салыштырып чыгуу; б) классикалык жана конструктивдик окуу технологиялары тууралуу алынган жыйынтыктарды, теориялык негиздерди чогултуу; в) ар кандай окумуштуулардын көз караштарын жана практикалык сунуштарын салыштыруу. **Педагогикалык байкоо** методу — бул педагогикалык процессте изилдөөчү тарабынан окуучулардын жүрүм-турумун, эмоцияларын, мамилесин жана иш-аракетин системалуу түрдө түздөн-түз байкап, маалымат чогултуу ыкмасы. Байкоо негизиги багыттары изилдөөнүн максатына, предметине жана чечиле турган маселенин мүнөзүнө жараша болот. Адатта, педагогикалык байкоо изилдөөнүн объектисинине эч кандай өзгөртүү киргизилбестен жүргүзүлөт. **Сапаттык талдоо** — бул изилденүүчү көрүнүштү терең жана кеңири түшүнүүгө багытталган илимий ыкма. Бул метод сандарга эмес, мааниге, контекстке, көз карашка жана тажрыйбага таянат.

**Изилдөөнүн негизги бөлүгү.** Изилдөөнүн алкагында мектептеги билим берүү системасынын фундаменталдуу негизи окуу процессин чечмелеген теориялардын, концепциялардын жана илимий көз караштардын анализи аткарылды. Дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттеринде, анын ичинде Кыргыз Республикасында мектептеги окуу процесси классикалык педагогика илиминин концептуалдуу теорияларына негизделген. Белгилүү болгондой классикалык педагогика өзүнүн башаты катары чех окумуштуусу Ян Амос Коменскийдин салттуу класстык үлгүсүн кабыл алган. Я. А. Коменский классикалык "Улуу дидактика " деген эмгегинде дидактиканы "бардыгын бардыгына окутуунун универсалдуу искусствосу" катары белгилөө менен ал педагогикалык процесс «кыска», «жагымдуу», «негиздүү», «жеңил» болуу менен бирге теориялык билимди практикалык ишмердүүлүккө айланусуна шарт түзүүсү керек деп эсептеген [3]. Мындан тышкары, Я.А. Коменский окуу процесси боюнча төмөнкү негизги концептуалдуу түшүнүктөрдү киргизген: а) класс - окуучулар куракка жана билимин деңгээлине жараша бөлүнүп, топто окутулат; б) план жана методика – алдын ала сабактар так пландалат, окуу процессинде ыкмалар системалуу колдонулат; б) универсалдуу билим - жалпы окуучуларга бирдей ар тараптуу билим берүү зарылдыгы.

Педагогика илиминин өнүгүшү менен окуу процесстин негизги көрсөткүчү катары уюштуруунун формасын - сабак категориясын бекиткен жана ал төмөнкү белгилерге ээ болгон:

1. Сабактын максаттуулугу: а) ар бир сабак так, айкын жана реалдуу максат менен жүргүзүлөт; б) максат билим берүү, тарбия берүү жана өнүктүрүү багыттарында бекилет.
2. Сабактын мазмуну: а) окуу программасына ылайык системалуу, илимий негизде тандалган мазмун; б) мазмун дидактикалык принциптердин негизилде тандалат; в) аныкталган мезгил ичинде туруктуу болот.
3. Методикалык уюштурулушу: а) негизинен мугалим жетектөөчү, окуучу угуучу жана аткаруучу; б) негизинен түшүндүрүү, көрсөтүү, кайталоо, бекитүү ыкмалары колдонулат; в) белгиленген критерийдин негизинде бааланат.
4. Сабактын түзүмү: а) уюштуруу бөлүгү; б) өткөн сабакты кайталоо; в) жаңы теманы түшүндүрүү; г) жаңы билимди бекемдөө; д) үй тапшырма берүү; е) баалоо.
5. Сабактын убакыттык регламенти: а) стандарттык сабак 45 минутада орун алат; б) сабактын ар бир бөлүктүн убактысы так пландаштырылат.
6. Сабактагы тартип жана дисциплина: а) мугалимдин башкаруучу ролу күчтүү; б) окуучулар тартипти сактап, көрсөтмөлөрдү аткарышат. в) сабак та негизинен тынчтык орун алат.

7. Натыйжалуулук: а) ар бир сабактын жыйынтыгында окуучунун билими текшерилет (суроо-жооп, тапшырма, тест). б) окуу жыйынтыктарына баа берилет; в) чейректик жана жылдык баа баарына коюлат.

Жалпы адамзатын өнүгүүсү менен илимий –техникалык прогресстерин орун алышы менен XX кылымдан баштап мектептик билим берүү системасы “кризиске” кабылган. Илимий теориялык эмгектердин анализи бул кризистин негизги төмөнкү себептерин берет:

1. Илимий-теориялык себептер (когнитивдик революциянын таасири). Классикалык педагогика (XVII–XIX кк.) билимди берүүнү негизинен «мугалим — билген жана берүүчү», «окуучу — кабыл алуучу» катары түшүндүргөн. Ал эми XX кылымда психологияда жана когнитивдик илимде чоң өзгөрүүлөр болду: а) балдар өз алдынча акыл-эс өнүгүү стадияларынан өтөрүн көрсөттү (Жан Пиаже жана башкалар). б) окуу - социалдык процесс, жакынкы өнүгүү зонасы теориясы менен билим берүүдө социалдык чөйрөнүн маанисин ачып берди (Лев Выготский жана башкалар); в) билим алууда активдүү конструкт түзүү маанилүү. Окуу процессинде “үч деңгээлдүү таануу этабы” орун алат (Жером Брунер жана башкалар). классикалык окутууга карама-каршы турду.

2. Социомаданий себептер (коом өзгөрдү – мектеп өзгөргөн жок). а) индустриалдык коомдон индустриядан кийинки коомго өтүү (XX к. ортосу) орун алган. Эмгек рыногу жөн гана билимдүү эмес, чыгармачыл, адаптацияга жөндөмдүү, коммуникативдүү адамдарды талап кыла баштады; б) жаңы билим экономикасынын пайда болушу, натыйжада маалымат күн санап өсүп, “мөөнөтү өтүп калган билим” көйгөйү жаралган; в) Global Competency (OECD, 2018) кабыл алынган. Жыйынтыгында, эл аралык баалоолор билим эмес, билимди колдонуу жөндөмүн талап кыла баштаган.

3. Философиялык жана педагогикалык себептер. а) классикалык педагогика – билимди «төмөндөн жогору» (мамлекет – мугалим – окуучу) берүү принцибине таянган; б) ал эми прагматизм, конструктивизм жана гуманисттик педагогика билим берүүдө окуучунун өз алдынчалыгын, тандоо эркиндигин, ички мотивациясын биринчи орунга койду; в) мугалим — жөн гана маалымат берүүчү эмес, фасилитатор, координатор, жолдош болушу керек, ал эми окуучу пассивдүү ролдон активдүү ролду аткарышы.

Бул эмгекте классикалык педагогика менен конструктивдик педагогиканын теориялык жана практикалык аспектилери анализделди. XIX кылымдын аягында педагогика илиминде жаңы идеялар, жаңы концепциялар пайда болгон. Алгач, кайрадан “билим” категориясы терең изилденүү менен “констуктивдик” теория негизделет. Щвейцариялык окумуштуу Жан Пиаже 20-кылымдын башында таанып-билүү процесси (когнитивдик өнүгүү) тууралуу изилдөөлөрүндө баланын билими — сырттан берилген эмес, өз алдынча курулган түшүнүк экенин негиздеген [4]. Тактап айтканда, Жан Пиаже педагогика тармагына төмөнкү концептуалдуу жаңылыктарды киргизген:

1.Билим — даяр формада берилбейт, ал окуучу өзү курат: а) окуучу — билимдин активдүү куруучусу, ал эми мугалим — жардамычы жана багыттоочу; б)окуу — бул маалымат алуу эмес, таанып-билүү тажрыйбасы аркылуу ички түшүнүктү калыптандыруу.

2. Билим маалыматтар аркылуу эмес, өздүк тажрыйба менен түзүлөт: а) билим — субъективдүү, ар бир адамдын жеке конструкциясы; б) жалпы билим — бул индивидуалдык түшүнүктөрдүн өз ара байланышы аркылуу калыптанат.

3. Окуу процесси — бул интерактивдүү, социалдык жана рефлексиялуу процесс болуп саналат.

Ошентип, конструктивизмдик педагогика — бул билим берүүдө окуучунун өзүнүн тажрыйбасы, аракеттери жана ойлонуу процесси аркылуу билимди активдүү куруусу жана маңыздоосу негизделген көз караш саналат. Башкача айтканда, окуучулар жөн гана маалыматты кабыл албастан, аны изилдеп, өз түшүнүгүнө жараша кайра түзүп, өз алдынча илимди «кура» алышат. Мугалим болсо жетекчи, колдоочу, окуу чөйрөсүн түзүүчү катары иш алып барат.

Бүгүнкү күндө Финляндия, Канада, АКШ (айрым штаттарында), Эстония жана Сингапур мамлекеттеринде мектептеги окуу процесси конструктивизмдик педагогикага негизделген.

Баса көрсөтүүчү факт, Сингапур кыска мөөнөттүн ичинде конструктивизмдик педагогиканын негизинде окуу технологияларын иштеп чыгуу менен билим системасында көрүнүктүү ийгиликтерди жаратышты. Сингапур Programme for International Student Assessment (PISA) - Эл аралык окуучулардын жетишкендиктерин баалоо программасында 2018-жылы Кытайдын төрт провинцияларынан кийинки 2 – орун алса, 2022- жылы бардык багытта 1-орунга чыккан [5, 6]. Демек, конструктивизмдик педагогикага негизделген окуу системасы аныкталган жетишкендиктерди камсыз кылат.

Изилдөөнүн алкагында кадимки традициалдуу педагогиканын окуу технологиясы менен жаңы конструктивизмдик педагогикага негизделген окуу технологиясы менен салыштырылды.

Таблица 1. Окуу технологияларын салыштыруу

| № | Кадимки окуу технологиялары | Конструктивизмдик окуу технологиялары |
|---|---|---|
| 1. | Билим булагы | |
| | Мугалим билим булагы. Окуучу даяр билимди алат, кайта айтып берет | Окуучу билимди өзү конструкциялайт (жазайт), билимди тажрыйба, изилдөө, талкулоо аркылуу өзү табат |
| 2. | Окуучунун ролу жана орду | |
| | Пассивдүү катышуучу, аткаруучу | Активдүү изилдөөчү, ойлонгон, анализ жазаган, пикир жараткан катышуучу |
| 3. | Мугалимдин ролу жана орду | |
| | Багыт берүүчү, билим берүүчү, текшерүүчү | Фасилитатор, багыттоочу, суроо берүүчү, колдоочу |
| 4. | Окуу процессинин негизги мүнөздөмөлөрү | |
| | Бир тараптуу, маалымат берүү | Эки тараптуу, интереактивдүү, көйгөйлөрдү чечүүчү |
| 5. | Окуу мазмуну | |
| | Стандарттык, алдын ала белгиленген | Кызыгууларга жана чыныгы жашоого ылайыкташкан, жеке |
| 6. | Баалоо | |
| | Жыйынтыкка карап баалоо (тест, экзамен, зачет) | Процессти ар тараптан баалоо (рефлексия, долбоор түзүү, күндөлүк) |

Белгилүү болгондой, мектептеги окуу процесси негизинен алганда эки негизги көрсөткүч менен аныкталынат. Биринчиси, окуучу менен мугалимдин бири-бирине аракеттениши – окуу методдору деп аталат, ал эми экинчисини окуу процессинин уюштурулушунун тышкы мүнөздөмөлөрү – сабак деп аталат. Демек, тигил же бул окуу технологиясын салыштыруу үчүн окуу формасын салыштыруу зарыл болуп саналат. Классикалык педагогикада, стандарттык сабактардын эң көп таралган түрү – аралаш сабак деп аталат. Аралаш сабакта мурда өтүлгөн сабактагы материалды кайталоо, жаңы окуу материалын түшүндүрүү, өтүлгөн жаңы материалды бекемдөө, үй тапшырмасын берүү жана жыйынтык чыгаруу, башкача айтканда баалоо орун алат. Баса көрсөтүүчү факт, сабактын көрсөтүлгөн ар бир түзүмдүк бөлүгү убакыт боюнча “катуу” регламентке ээ болуп саналат. Экинчи таблицада стандарттык аралаш сабактын түзүлүшү көрсөтүлдү.

Таблица 2. Стандарттык аралаш сабактын түзүмү

| № | Аталышы, убакыт, минута | Ишмердүүлүктүн маңызы |
|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу, 5 минутага чейин | Уюштуруу ишмердүүлүгү тез, активдүү жана жакшы маанайда өтүшү зарыл. Окуучулар менен учурашуу, окуу процессине ар бир окуучунун жана жалпы класстын даярдыгын текшерүү жана башка ишмердүүлүктөр орун алат. Уюштуруунун аягында ар бир окуучу |

| | | |
|---|---|---|
| | | билим алууга ынтызарланып, окуу-иштерин аткарууга даяр болууга тийиш. |
| 2 | Өтүлгөн материалды кайталоо бөлүгү, 10 минутага чейин | Окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жана өтүлгөн материалды калыбына келтирүү максатында мүмкүн болушунча көпчүлүк окуучуларды сурагaнга үлгүрүү керек. Айрым учурларда тест жүргүзүү, карточкалар менен жеке иштөө, айрым окуучуларды доскага чакыруу, оозэки текшерүү жана башка ушул сыяктуу экспресс ыкмалар колдонулат. Сабактын бул бөлүгү педагог тарабынан өтүлгөн материалды кыска жана так калыбына келтирүү менен аяктайт. |
| 3 | Жаңы материалды түшүндүрүү 20 минутага чейин | Педагог жаңы материалды жеткиликтүү болгондой окуучуларга түшүндүрөт. Түшүндүрүү өтүлгөн окуу материал менен өтүлүүчү жаңы окуу материалдардын окшоштуктарын, же тескерисинче карама-каршылыктарын негиздөө менен башталат. Жаңы окуу материалын түшүндүрүү логикалык жактан байланыштуу түйүндүү бөлүктөрдү түшүндүрүү менен берилет. Окуу материалынын татаалдыгына же, тескерисинче, жеңилдигине карабай ал материал сөзсүз түрдө эки ирээт кайталанып түшүндүрүлүшү зарыл. |
| 4 | Бекемдөө бөлүгү 15 минутага чейин | Кабыл алынган билимди бекемдөө мисал иштөө жана көнүгүүлөрдү аткаруу менен иш жүзүнө ашат. Алгачкы мисалды аткарууну педагог өзү өткөрүү менен эң негизги өзгөчөлүктөрдү, аткаруунун ирээти жана логикасы түшүндүрүлөт. Бир, эки мисалдан кийин гана окуучуларга жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга багытталган тапшырмалар берилет. Бул учурда айрым окуучуларды доскага чыгаруу, ар бирине жеке тапшырма берүү, топтук жарыштарды жүргүзүүлөр орун алат. |
| 5 | Үйгө тапшырма 10 минутага чейин | Үйгө тапшырма окуу китеби боюнча берилет. Мындан тышкары өз алдынча даярданууга берилген ар бир тапшырманы аткаруунун жолун, андагы негизги маселелерди ачык жана так көрсөтүү зарыл. |
| 6 | Баалоо 3 минутага чейин | Ар бир сабак окуучулардын окуу процессине катышуусун, андагы аракеттерин баалоо менен аякташы зарыл. Сабактын аягында педагог эң жалпы жыйынтык чыгарат. |

Стандарттык аралаш сабактын анализинде – окуу процессинде убакыттын дээрлик бөлүгүн мугалимдин ишмердүүлүгү түзөт, ал эми окуучулар окуу процессине пассивдүү катышуу менен активдүү аракеттенишпейт, башкача айтканда окуу процесси мугалим тарабынан башкарылат, уюштурулат.

Ал эми, контруктивизмге негизделген окуу технологияларында окуу процессинин мүнөзү кескин түрдө өзгөрүүгө учурайт.

Таблица 3. Конструктивизмге негизделген окуу технологиялары: сабактын 5Е үлгүсү

| № | Этаптар, убактысы | Негизги мүнөздөмөсү |
|---|---|---|
| 1 | Engage, Кызыктыруу, 5 минутага чейин | Бул этапта мугалим окуучунун мурунку билимин жандандырат жана тема боюнча табигый кызыгуусун ойготот. Кызыктыруу үчүн суроо берүү, видео көрсөтүү, демонстрация жүргүзүү, реалдуу турмуштагы мисалдарды келтирүү колдонулат. |
| 2 | Explore, Изилдөө, 20 минутага чейин | Окуучулар бул этапта өз алдынча же топ менен иштеп, изилдөө жүргүзөт, эксперимент жасашат, байкоо жүргүзүшөт. Мугалим алдын-ала ар бир изилдөөчү топто изилдөөнүн жүрүшүн, өлчөөнүн |

| | | |
|---|---|---|
| | | ыкмаларын жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын анализденишинин методдорун даярдап коет. |
| 3 | Explain, Түшүндүрүү, 15 минутага чейин | Окуучулар мугалим алдын ала даярдап койгон концептуалдуу суроолорго өз изилдөөсүнүн негизинде жооп беришет. Натыйжада окуучулар өз алдынча билимге ээ болушат. |
| 4 | Elaborate, Түзүү, 10 минутага чейин | Мугалим тарабынан белгисиз, кызыктуу окуу абалы түзүлөт. Маалыматтык компьютердик технологиянын негизинде кыска, кызыктуу материалдар берилет. Окуучулар алган билимди жаңы кырдаалдарда колдонууга аракет жазашат. Алардын түшүнүгү тереңдеп өз алдынча жаңы билимди түзүүгө шарт түзүлөт. |
| 5 | Evaluate, Баалоо, 5 минутага чейин | Окуучулар мугалимдин фасилитатордук ишмердүүлүнүн негизинде окуу процессинин жалпы жыйынтыгы концепция катары кабыл алынат. Демек, билим деңгээлин, түшүнүгүн жана илимий ой жүгүртүүсүн баалоо концепцияны түзүү менен белгиленет. Бул этапта диагностикалык тест, практикалык тапшырмалар, өзүн-өзү баалоо, презентация, оюндар пайдаланылат |

Сабактын 5Е үлгүсүндө сабактын жүрүшүндө негизги кыймылдаткыч күч мугалим эмес, окуучулар болуп саналат. Анткени, мугалим окуу процессин алдын-ала даярдап койгондуктан, түздөн-түз окуу процессинде окуучулар даяр билимди кабыл алуу эмес, тескерисинче өз алдынча аныкталган изилдөө жүргүзүү менен өздөрү билимди түзүү менен алектенишет. Натыйжада, сабактын 5 Е үлгүсүндө мугалим менен окуучунун функционалдык аракеттери өзгөрүүгө учурайт, окуу мазмуну окуучуларга терең жана ар тараптуу кабыл алынат.

Жыйынтык. Педагогика илиминин өнүгүүсүндөгү негизги концептуалдуу теориялардын бири-бирине салыштыруу жана Кыргыз Республикасында орун алган мектептик билим берүүнүн системасынын өзгөрүшүнүн терең анализи төмөнкү корутундуларды берди:

1. Кыргыз Республикасындагы жалпы орто билим берүү чөйрөсүнүн 11 жылдык билим берүү системасынан 12 жылдык билим берүү системасына өтүп жаткандыгы жалпы бүткүл дүйнөлүк билим берүү системасынын өзгөрүшүнө туура келет.
2. Кыргыз Республикасындагы он эки жылдык билим берүү системасы мазмундук дагы, түзүлүштүк дагы, методикалык дагы өзгөрүүгө учурайт. Билим берүүнүн сапатынын деңгээли жаңы технологиялардын киргизилишине көз каранды болот. Окуу процессинде окуучулар аныкталган деңгээлдеги изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүү зарыл болуп саналат.
3. Кыргыз Республикасындагы он эки жылдык билим берүү системасынын келечеги жаңы форматтагы мугалимдерди даярдоо жана аракеттеги мугалимдерди кайра даярдоо процесси менен байланыштуу болот.

Колдонулган адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 36 Жарлыгы:https://cbd.minjust.gov.kg/18-11/edition/23328/kg
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети “Кыргыз Республикасынын он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясын бекитүү жөнүндө” 2024-жылдын 30-октябрында № 654 Токтому: https://edu.gov.kg/static/pdf/postanovlenie_654_30.10.2024.pdf
3. Мамбетакунов Э., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. – Б.: Турар, 430 б.
4. Пиаже Ж. Генетическая эпистемология. — СПб.: Питер, 2004. — 160 с
5. http://www.oecd.org/en/publications/2019/12/pisa-2018-results-volume-i_947e3529.html?utm_source=chatgpt.com
6. http://www.oecd.org/en/publications/pisa-2022-results-volume-i_53f23881-en/full-report.html?utm_source=chatgpt.com
7. Держицкая Е.В. Развитие системы образования Сингапура. Автореф. ...дис.канд.пед.наук. – Москва, 2004. – 24 с.